**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М. РЫСКУЛБЕКОВ атындагы**
**КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**И. РАЗЗАКОВ атындагы**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.19.593- диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укуктарында
УДК 332.012.24 (575.2-17)

**Алибаева Дамира Какеновна**

# Социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү базардын шарттарында (Чүй областынын мисалында) өнүктүрүү

08.00.05 – экономика жана элдик чарбаны башкаруу (ишмердиктин тармактары жана чөйрөлөрү боюнча, анын ичинде экономикалык системаларды башкаруу теориясы; макроэкономика; экономика, ишканаларды, тармактарды, комплекстерди түзүү жана башкаруу; инновацияларды башкаруу; регионалдык экономика)

экономика илимдеринин кандидатынын
окумуштуулук даражаны изденүүгө карата диссертациясынын

**Авторефераты**

Бишкек – 2019

Диссертациялык иш И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Башкаруу жана бизнес Институтунда аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Абдымаликов Кыдыр Абдымаликович**<br>экономика илимдеринин доктору,<br>профессор<br>И. Раззаков атындагы КМТУ |
| **Расмий оппоненттер:** | **Токсобаева Бактыгуль Асановна**<br>экономика илимдеринин доктору,<br>профессор<br>М. Рыскулбеков атындагы КЭУ |
| | **Ибраимова Саида Маратовна**<br>экономика илимдеринин доктору,<br>МедиКом көп профильдик колледждин директору |
| **Жетекчи уюм** | Ж. Баласагын атындагы КУУнун “Экономика” кафедрасы |

Диссертацияны жактоо 2019-жылдын 2019-жылдын “27” декабрында 14:00дө М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде жана 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 58 дареги боюнча жайгашкан И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде экономика илимдеринин кандидатынын (докторунун) окумуштуулук даражаны изденүүгө карата диссертацияларды жактоо боюнча Д 08.19.593 диссертациялык кеңештин отурумунда болуп өтөт

Диссертация менен Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 58 дареги боюнча жайгашкан М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин китепканасынан, ДС www.keu.kg сайтынан таанышууга болот.

**Д 08.19.593 диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин кандидаты, доцент** Байтерекова Г.С.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстанда ишке ашырылуучу экономикалык мамилелер системасын трансформациялоо элдик чарбанын бардык чөйрөлөрүн терең жана чечкиндүү реформалоого алып келди, советтен кийинки мезгил өлкөдө катаал кризис шартында жүрдү. Кыргызстандагы социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн башталышынын шарттары кризистик болгон, союздун жоюлушу чарбалык субъекттердин ортосундагы кооперациялык байланыштын ажырашы дегенди билдирет, көптөгөн ишканалар толугу менен же жарым-жартылай алсыраган. Өзгөргөн социалдык-экономикалык шарттарда биздин өлкөдө болгон кайрадан түзүүлөрдүн натыйжаларын адекваттуу экономикалык баалоо жөнүндө маселе актуалдуу болуп саналат.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу регионалдык социалдык-экономикалык өнүктүрүү көйгөйлөрүн өздөштүрүү жана чечүү өлкөнүн жана аймактын социалдык-экономикалык саясатын илимий негиздөө үчүн керектиги менен аныкталат жана абалды комплекстик баалоону талап кылат. Бул маселелер али толук өздөштүрүлө элек болгондуктан, аталган изилдөө зарыл жана өз убагында экендигин билдирүүдө.

Эгерде аталган көйгөйгө базардык саясатты өнүктүрүү көз карашынан карасак, анда өлкөдө жана аймактарда болуп жаткан кайра түзүүлөрдүн натыйжаларын экономикалык баалоо боюнча конкреттүү милдеттин зарылдыгы изилдөөнүн темасын, анын максаттарын жана милдеттерин тандоону алдын ала көрсөтүүдө.

Коомду өнүктүрүүдө айрым учурларда өтмө деп аталуучу абал пайда болот, анткени бул абалдар эскиден – жок болуп бара жаткан сиситемадан жаңыга – жаралып жатканга өтүүнү билдирет. Бир катар окумуштуулар узак мөөнөттүн ичинде ар кандай өлкөлөрдүн мисалында өтүү абалдагы экономикасын кеңири изилдешкен. Аталган көйгөйгө ата мекендик окумуштуулардын эмгектери да арналган.

Бирок, базардык экономикалык системага өтүү шарттарындагы кайра түзүүлөрдүн айрым маселелери түзүлүп жаткан жаңы реалдуулуктан улам терең өздөштүрүүгө муктаж болууда. Аймактын социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрүн баалоого карата мамилелер толук көлөмдө чагылдырыла элек.

Биздин өлкөдөгү ар түрдүү этаптардагы реформалар ар кандай социалдык-экономикалык шарттарда жүргүзүлгөн жана ар түрдүү натыйжаларга алып келген: өндүрүштүн көлөмдөрү жана экономикалык өсүүнүн темпи төмөндөгөн, инфляция жана импортко көз карандуулук жогорулаган. Акыр аягында өлкө катаал чакырыктарды жеңе алды, бирок экономиканын айрым тармактарын өнүктүрүүдөгү диспропорция, аймактык саясаттагы кемчиликтер, жеке ишкердикти өнүктүрүүнү колдоо маселелери өзүнчө өздөштүрүүнү жана баалоону талап кылат.

**Диссертациянын темасынын мамлекеттик программалар менен байланышы.** Интеграциялоо шарттарындагы социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр системасын жакшыртуу маселелери жана бул маселелерди жөнгө салуудагы мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын

ролу 2040-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук Стратегиясында чагылдырылган. Диссертациялык изилдөөнүн айрым бөлүмдөрү И.Раззаков атындагы КМТУнун "Экономика жана финансы" кафедрасынын илимий изилдөөлөр программасы менен байланыштуу.

**Диссертациянын максаты** сунуштарды иштеп чыгуу жана Чүй областынын социалдык-экономикалык кайра түзүүнү өнүктүрүүнү жакшыртуу боюнча сунуштарды негиздөө болуп саналат. Иштеги коюлган максаттарга жетишүү үчүн өз ара байланыштуу бир катар **милдеттер** чечилген:

1. экономикалык өсүү контекстинде реформалардын маңызын жана концептуалдуу мазмунун ачып көрсөтүү;
2. базар шарттарында социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
3. аймактын социалдык-экономикалык кайра түзүүсүн баалоого карата мамилелерди изилдөө;
4. Чүй областынын жана анын райондорунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн азыркы учурдагы абалына комплекстүү талдоо жүргүзүү;
5. Чүй областынын чарба жүргүзүүсүнүн ар кандай формаларын өнүктүрүүгө жана алардын областтын социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжаларына тийгизген таасирин талдоо;
6. жакырчылыкты жоюунун жана реформалардын өнүгүшүндөгү жашоо деңгээлин жогорулатуунун социалдык-экономикалык маанисин ачып көрсөтүү;
7. Чүй областын өнүктүрүүнүн перспективасын иштеп чыгуу жана социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр системасын жакшыртуу багыттарын сунуштоо.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Чүй областында социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жана социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжалары саналат.

Диссертациялык иштин **илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр:

– Базар шарттарында социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн негизги мүнөздөмөлөрү такталды жана экономиканы өнүктүрүүнүн динамикасы менен реформалардын натыйжаларынын ортосундагы мүнөздүү байланыштар орнотулду;

– базар шарттарында Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрүн өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүгү жана өзгөчөлүктөрү аныкталды;

– аймактын социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрүнүн деңгээлин баалоо үчүн көрсөткүчтөрдүн топтому сунушталды, алардын курамы аймактын жашоосунун ар кандай областтарын чагылдырышы керек;

– ыкманы колдонуу негизделген жана анын негизинде Чүй областынын жана анын райондорунун өнүгүүсүн ажырымдоо ыкмасы аркылуу областтын райондорун аныктоо менен комплекстүү баалоо жүргүзүлгөн;

– Чүй областынын чарба жүргүзүүсүнүн ар кандай формаларын талдоо жана алардын областтын социалдык-экномикалык кайра түзүүзүлөрдүн натыйжаларына тийгизген таасирин баалоо жүргүзүлгөн;

– жакырчылыкты жоюунун жана Чүй областын өнүктүрүүдө жашоонун деңгээлин жогорулатуунун социалдык-экономикалык мааниси ачылды жана анын калкын социалдык колдоо сиситемасын жакшыртуу жолдору сунушталды;

– 2025-жылга чейин Чүй областын өнүктүрүүнүн негизги багыттары иштелип чыкты.

Изилдөөнүн жыйынтыгынын **практикалык мааниси** теориялык тыянактар практикалык сунуштар деңгээлине жеткирилгенинде, даректик багыт алууга ээ жана аймактардын өнүгүүсүнүн деңгээлин салыштырмалуу баалоодо мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан аймактарда да, ошондой эле жалпы өлкө боюнча да кайра түзүүлөрдү өнүктүрүүдөгү стратегиялык артыкчылыктар жөнүндө чечим кабыл алууда ишке ашырылышы мүмкүн. Диссертациянын айрым теориялык жоболору жана практикалык сунуштары жождор тарабынан окуу куралдарын даярдоодо жана “Аймактык экономика”, “Тармактык базарлардын теориясы”, “Ишкердик” курстары боюнча окутууда колдонууга болот.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү** диссертацияда негизделген жана көрсөтүлгөн сунуштар базардык кайра түзүүлөрдү ийгиликтүү жана натыйжалуу өнүктүрүү үчүн, ошондой эле андан кийинки социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү башкаруу боюнча суроолорду иштеп чыгууда мамлекеттик жана аймактык башкаруу органдарынын практикасында колдонулушу мүмкүн болгондугунда.

**Жактоого чыгарылуучу диссертациянын негизги жоболору:**

– өлкө үчүн мүнөздүү болгон Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн белгиленген мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүнүн, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү социалдык экономикалык кайра түзүүлөрдүн талдоонун негизинде аныкталган экономиканын өнүгүүсүнүн динамикасы жана реформалардын натыйжасынын ортосундагы өз ара байланыш;

– Чүй областын өнүктүрүүнүн ар кандай багыттарын чагылдыруучу жана реалдуу секторду, областтык инвестициялык жана тышкы экономикалык ишмердикти өнүктүрүүнүн индикаторлорун, анын финансылык натыйжаларын, социалдык секторду жана керектөө базарын камтуучу аймактын сцоиалдык-экономикалык кайра түзүүсүн деңгээлин баалоо максатында иштелип чыккан көрсөткүчтөрдүн топтому;

– ар кандай ыкмаларды жана индикаторлорду колдонууну божомолдоочу аймактарды өнүктүрүүнүн деңгээлин баалоо үчүн бир катар методикаларды жалпылоонун натыйжасына, иштелип чыккан көрсөткүчтөрдүн топтомуна жана аны интеграциялоого негизделген жана ажырымдоо ыкмасын колдонуучу башка райондордун ичинен областтын райондорунун ордун аныктоо үчүн Чүй областын жана анын райондорун социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү баалоо методикасы;

– иште сунушталган комплекстик баалоо методикасын колдонуу менен аткарылган объекттин абалынын интегралдык маанисин аныктоо, анын райондорун салыштырма ажырымдоо аркылуу Чүй областындагы социалдык-

экономикалык кайра түзүүнүн деңгээлин экономикалык баалоонун натыйжалары;

– Чүй областын өнүктүрүүдө тоскоол болуучу факторлорду жана келечектүү багыттарын аныктоого мүмкүндүк берүүчү Чүй областын өнүктүрүүдөгү чарба жүргүзүүнүн ар кандай формаларынын маанилүүлүгүн жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн абалын талдоонун жыйынтыктары;

– Чүй областын жана өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары контекстинде социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр системасын жакшыртуунун негизги жолдору;

– социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү жөнгө салууну жакшыртуу боюнча Чүй областын өнүктүрүүнүн практикалык сунуштары жана негизги багыттары.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автордун жеке катышуусу жеке изилдөөлөрдү уюштуруу жана аткарууда, материалдарды топтоо жана аларды иштеп чыгууда, талдоодо жана алынган натыйжаларды жалпылоодо. Изденүүчү тарабынан социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн топтому иштелип чыккан жана Чүй областынын өнүүгүсүн баалоого карата усулдук мамиле негизделген.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.**

Диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары төрт илимий-практикалык конференцияда көрсөтүлгөн. Теориялык принциптер жана иштин жыйынтыгы чагылдырылган диссертациянын темасы боюнча 11 макала жарыяланган.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын колдонмо жана методологиялык аспекттери Чүй областынын бир катар райондорунун өнүгүүсүнүн деңгээлин салыштырма баалоо жүргүзүүдө, тиешелүү аймакта кайра түзүүлөрдү өнүктүрүүнүн стратегиялык артыкчылыктары жөнүндө чечим кабыл алууда жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан ишке ашырылган. Диссертациянын материалдарын ишке ашыруу: Чүй областын жалпысынан жана анын райондорун өнүктүрүү маселелери боюнча орто мөөнөттүк иш-чаралардын негизги багыттарын негиздөөгө; КР Чүй областынын райондорунун потенциалын жогорулатуунун мүмкүн болуучу багыттарын аныктоого; КР Чүй областынын райондорун өнүктүрүүнүн деңгээлин рейтингдик баалоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берди. Диссертациянын материалдары КР Чүй областынын райондорун өнүктүрүү боюнча иш-чаралар программасында; Чүй областын келечекте экономикалык өнүктүрүү стратегиялык планында; Чүй областынын жана райондорунун ишмердигинин натыйжалуулугун баалоого карата усулдук сунуштарда **колдонулган**. Бул Чүй областынын Сокулук, Кемин жана Чүй райондоруна ишке киргизүү тууралуу тиешелүү акттар менен тастыкталат.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын басылмалардагы чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору 11 илимий эмгек болуп жарыяланган, жалпы көлөмү 4,2 б.б., 3 чет өлкөдө, анын ичинен Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган 9 басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине ылайык диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү аныкталган. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, тыянактардан жана практикалык сунуштардан, колдонулган булактардын тизмесинен турат. Диссертациялык иш негизги компьютердик 185 баракта баяндалган, 39 таблицаны, 35 сүрөттү, компьютердик текст менен 5 баракта тиркемени жана колдонулган адабияттардын 141 аталышын камтыйт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын акуталдуулугу, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү негизделген, предмет жана объект аныкталган, максаты жана милдети формулировкаланган, изилдөө жүргүзүүнүн теориялык жана методологиялык негиздери көрсөтүлгөн, илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү ачылып берилген.

**"Базардын шарттарындагы социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн теориялык негиздери"** биринчи главада социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн концептуалдык негиздерин өздөштүрүүнүн натыйжалары, аларды баалоого карата методологиялык мамилелерди изилдөөлөр, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр боюнча тажрыйбалар баяндалган.

Изилдөөнүн темасынын теориялык платформасын өздөштүрүүгө К.Жукровск, К.Клейг, Л.Клейн, М.Олсон, К.Эрроу, Л.Абалкин, О.Богомолов, В.Д.Камаев, В.П.Колесов сыяктуу окумуштуу-экономисттердин эмгектери арналган. Базар экономикасына өтүүнүн объективдүү зарылдыгы, "өтмө экономиканын теориялары" жобосу, институционалдык өзгөрүүлөр жана экономиканын көп укладдуулугун калыптандыруу ата мекендик окумуштуулардын алдыңкы эмгектеринде терең өздөштүрүлгөн.

Экономикалык кайра түзүүлөр экономиканы башкаруу системасындагы, чарбачылык кылуудагы кайра түзүүлөрдү, экономикалык саясатты ишке ашыруунун жолдорун жана ыкмаларын билдирет [Главацкая Н. Экономика переходного периода [Текст] / Н.Главацкая, Е.Гайдар, К.Рогов – М.:Дело, 2014. – 167.]

Я. Корнаи өтмө мезгилдин мыйзам ченемдүүлүктөрүн коомдогу негизги агымдар жана кыймылдар түшүнүгүндө "тенденциялар" түрүндө жана өтмө процесстин катышуучуларынын ички шыктуулугу, умтулуусу жана көздөөсү менен айырмалайт [Корнаи Я. Путь к свободной экономике [Текст] / Я.Корнаи – М.:Экономика – 1990. –271]. В.В. Милосердов жана К.В. Милосердов советтик экономикалык системанын кемчиликтерин белгилөө менен айкын болгон элдик чарбаны башкаруу системасын реформалоонун зарылдыгы жөнүндө жазууда [Милосердов В.В. Аграрная политика России – XX век [Текст] / В.В. Милосердов, К.В. Милосердов – М.: ФГПУП ВО Минсельхоза России, 2002. – 543 б.]

Өтмө мезгилдеги экономика маселелерине арналган басылмалардын талдоосу административдик-командалыктан базар экономикасына өтүүдөгү экономикалык кайра түзүүлөр экономиканы либералдаштырууну, терең институционалдык өзгөрүүлөрдү, түзүмдүк кайра түзүүлөрдү камтыгандыгын көрсөтүүдө; ошол эле учурда финансылык туруктуулукту камсыздоо чараларын,

өзгөчө чарбалык жана социалдык кырдаалдын туруксуздугун төмөндөтүү үчүн акча-кредиттик жана финансылык чөйрөлөрдө негизинен баасын түзүү чараларын ишке ашырууну болжолдойт.

Өтмө мезгилдеги экономиканын теориясы жана практикасы маселелерине ата мекендик автор Ж.А. Мусаеванын өлкөдөгү социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр процессиндеги институционалдык кайра түзүүлөрдүн негизги ролун аныктоочу эмгектери арналган [Мусаева Дж.А. Өтмө мезгилдеги экономиканын теориясы жана практикасы. [Текст] / – Бишкек: Илим, 2008. – 411 б.].

Советтен кийинки мейкиндиктеги өлкөлөрдүн практикасы административдик-командалык системаны базар экономикасына трансформациялоонун эки негизги вариантын аныктоодо: акырындык менен базар институттарын түзүүнүн эволюциялык жолу жана Россияда, Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн көбүндө, анын ичинде Кыргыз Республикасында ар түрдүү даражадагы интенсивдүүлүк менен көрүнүүчү “калтааруу терапиясы”. Кыргызстандагы 1990-жылдардын башындагы экономикалык кайра түзүүлөрдүн негизги багыттары болуп мамлекеттик башкарууну кыскартуу, бааларды либералдаштыруу, менчиктештирүүнү тездетүү, ички базарды түзүү, тышкы сооданы либералдаштыруу саналат.

Градуалисттик концепция үчүн бир абалдан экинчи абалга акырындык менен жана ырааттуу өтүү, өндүрүмдү жана жумуштуулукту түзүмдүк ыңгайлаштыруу, кайра түзүүлөрдүн узактыгын эске алуу менен капиталды түзүү жана өндүрүштүк саясатты калыптандыруу процесстери, калкты социалдык жактан колдоо үчүн шарттарды түзүү мүнөздүү [Попов А.И. Экономическая теория: [Текст] /ЖОЖдор үчүн окуу китеби. 4-басылыш. – СпБ,: Питер, 2006. – 544 б.]. Кыргызстандын базардык мамилелеринин өтүүсүнүн башындагы бул конфепциянын негиздеринин жок болгондугу көптөгөн көйгөйлөрдүн негизи жана ошол мезгилдеги социалдык жана экономикалык чөйрөлөрдөгү уроолордун негизи болду деп эсептейбиз. Өтмө экономикасы менен өлкөлөрдүн тажрыйбасы менчиктик формасын өзгөртүү эмес, шарттарды өзгөртүү экономикалык өсүүнү жана өлкөнүн экономикасын башкаруунун натыйжалуугун аныктай тургандыгын көрсөттү.

Экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжалуулугун камсыздоодогу маанилүү фактор болуп алардын натыйжаларын адекваттуу жана объективдүү баалоо кызмат кылат. Аймактарды өнүктүрүүнү экономикалык баалоонун ар түрдүү фкмаларын иштеп чыгууга жана колдонууга багытталган көптөгөн мамилелер бар. Аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү калыптандыруу жана баалоо маселелерине М.А.Исакиндин, С.Барановдун, Б.Б.Педановдун, Г.А.Унтуранын ж.б. [Исакин М.А. Построение интегральных индикаторов качества жизни населения регионов [Текст] / М. А. Исакин // Регион: экономика и социология. 2015. № 1. 92 – 109-б; Баранов С. Анализ межрегиональной дифференциации и построение рейтингов субъектов Российской Федерации [Текст] / С. Баранов, Т. Скуфьина // Вопросы экономики. 2015. № 8. 54 – 75-б. 2.; Педанов, Б.Б. Разработка инструментария оценки эффективности управления социально-экономическим развитием муниципальных образований: автореф. дисс. к.э.н. [Текст] / Б. Б. Педанов. – Краснодар, 2006. - 24 б. // www.diss.rsl.ru; Унтура Г.А., Евсеенко А.В. Риски субъектов федерации в условиях перехода к рынку. [Текст] /Новосибирск, 1996] изилдөөлөрү арналган.

Авторлор тарабынан сунушталып жаткан методикаларда индикаторлордун айрымдары заманбап ата мекендик шарттарда, биринчи кезекте объективдүү статистикалык маалыматтардын жоктугунан улам канчадыр-бир так деп бааланышы мүмкүн эмес.

Мындай көрсөткүчтөрдү өлчөө ишканаларды тандалма изилдөөнүн, эксперттик баалоонун негизинде гана мүмкүн. Субъекттердин социалдык-экономикалык өнүгүүсүн баалоонун иш жүзүндөгү ыкмаларын талдоо аларды иштеп чыгуунун максаттары ар түрдүү экендигин көрсөттү, ошондуктан ал үчүн индикаторлордун курамы да ар түрдүү. Аталган изилдөөнүн милдеттеринин бири болуп аймактардын социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрүн баалоо саналат. Ушуларга байланыштуу көрсөткүчтөрдүн курамы аймактын жашоо-тирчилигинин ар кандай чөйрөлөрүн, анын ичинде реалдуу секторду, аймактын инвестициялык жана тышкы экономикалык ишмердигин, анын финансылык натыйжаларын, социалдык секторун жана керектөө базарын чагылдырышы керек.

**“Аймактардагы социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн азыркы учурдагы абалы”** экинчи глава Кыргызстанда жүргүзүлгөн кайра түзүүлөрдүн ретроспективдүү талдоосун, Чүй областынын аймактарын ажырымдоо менен аймактын абалын интегралдык баалоо ыкмасынын негизинде алардын социалдык-экономикалык натыйжаларын экономикалык баалоону камтыйт. Главада чарба жүргүзүүнүн ар түрдүү формаларын өнүктүрүүнүн областтагы калктын жашоо деңгээлине тийгизген таасири ачылып берилген.

1991-1999-жж. мезгилиндеги катаал экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжасы Кыргыз Республикасы үчүн оор экономикалык сыноо менен мүнөздөлөт. Реформалоо процессиндеги каталар өндүрүштүн төмөндөшүн шарттады. 1999-жылы Кыргыз Республикасынын ички дүң продукту 1990-жылдын 63,0% гана түздү. Кыргыз мамлекети кичи, ачык экономиканын жана реформалардын жогору интенсивдүүлүгүнүн негизинде өнүктүрүү жолун тандап алды. Өлкөдөгү социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр мезгилинде базар экономикасынын негиздери, жеке сектор, алгачкы базар инфраструктурасы түзүлгөн. Кыргызстан КМШ өлкөлөрүнүн ичинен улуттук валютаны киргизген жана көз карандысыз акча-насыялык саясатты жүргүзө баштаган, гиперинфляцияны токтоткон биринчи өлкө.

Кыргызстандагы базардык кайра түзүүлөрдүн талдоосу акыркы мезгилде жана алардын экономикалык натыйжаларга тийгизген таасири Кыргызстандын экономикасынын жана анын түзүмдүк элементтерин кайра түзүүнүн негизги этаптарын бөлүп чыгарууга мүмкүндүк берди. Биринчи этаптын (1991-1995-жж.) негизги натыйжалары – жакырчылыктын чегине (50%) жеткен калктын үлүшүнүн кескин өсүүсү гиперинфляция менен дал келип калган өндүрүштү жана кирешелерди кескин кыскартуу.

Экинчи этаптын жүрүшүндө негизги реформалар аяктаган. Ырааттуулук менен жүргүзүлүүчү акча-насыялык саясат фискалдык органдар тарабынан олуттуу аракеттер менен инфляциянын деңгээлин 1993-жылы 1366%дан 1997-жылы 23%га чейин төмөндөтүүгө мүмкүндүк берди. Кыргызстан Борбордук

Азия өлкөлөрүнүн ичинен экономиканы реформалоо жана базардык механизмдерди ишке киргизүүдө лидер болгон.

Кыргызстандагы социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн үчүнчү этабы инфляциянын темпи жана сомдун девальвациясы олуттуу басаңдаган, ал эми ИДП өсүүсү бир кыйла тездеген, бирок макроэкономикалык туруктуулукка жетишүү жөнүндө айтууга али эрте эле. 2002-жылы экономикалык өсүүнүн орточо темпи 2000-2004-жж. үчүн жылына 5,6%га барабар болгон. Кыргызстандагы реформаларды трансформациялоо учурундагы терс таасирдүү натыйжа инвестициялык активдүүлүктүн кескин төмөндөшү болду.

Азыркы учурда Кыргызстандын экономикасы экономикалык кайра түзүүнүн кийинки, төртүнчү этабында турат, ал 2005-жылдын мартында башталган. Реформанын жалпы максаттары өзгөрүүсүз калууда, акырындык менен кайра түзүүнүн куралдарынын, механизмдеринин жана натыйжаларынын түрү өзгөрүүдө.

Чүй областындагы социалдык-экономикалык кайра түзүүнүн учурдагы этабындагы жетишкендиктерди объективдүү баалоо максатында диссертациялык иште ар түрдүү ыкмаларды жана индикаторлорду колдонууну божомолдоочу методикаларды изилдөө жүргүзүлгөн. Аларды Чүй областындагы реалдуулукту эске алуу менен жалпылоонун натыйжасында бир нече индикатор боюнча салыштырууну божомолдоочу методика сунушталган. Райондорду өнүктүрүүнүн деңгээлин баалоо үчүн артыкчылыктуу катары 2009-жылдан 2018-жылга чейинки өзгөрүүлөрдү мүнөздөөчү салыштырмалуу көрсөткүчтөр колдонулган. Экономикалык индикаторлорду кеңири талдоо үчүн А.Н. Истошин тарабынан сунушталган аймактын экономикасын өнүктүрүүнүн туруктуулугун баалоонун интегралдык методикасы колдонулду [Истошин А.Н. Государственное регулирование региональной экономики, как фактор устойчивого развития России – Ростов на Дону, 2003. – 54–77-б.].

Сунушталган тогуз көрсөткүчтүн k (k=1, 2…m) ар бири боюнча жеке индекстер ($L_K$) төмөнкү формула боюнча эсептелген:

$$L_k = (A_i – A_{min})/(A_{max} – A_{min}), \quad (1)$$

анда $A_i$–көрсөткүчтүн мааниси i-аймактын (i = 1, 2,…n);

$A_{max}$ – көрсөткүчтүн максималдуу мааниси;

$A_{min}$ – көрсөткүчтүн минималдык мааниси.

Аймактын экономикалык өнүгүүсүнүн интегралдык рейтинги компоненттик индекстерди жөн гана кошуунун натыйжасында келип чыгат:

$$Y_i = \Sigma L_j \quad (2)$$

Чүй областынын жана анын райондорунун өнүгүүсүнө комплекстүү баалоо жүргүзүү үчүн дээрлик динамикалуу жана башкаларга салыштырмалуу натыйжалуурак болгондугун аныктоо максатында көптөгөн объекттерди (10 жылдык мезгил үчүн 9 райондун 11 көрсөткүчү) статистикалык изилдөө ишке ашырылган. Жыйынтыгында биз Чүй областынын райондорунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн баалонун жеке рейтингин иштеп чыктык. Ажырымдоонун натыйжалары Чүй областынын райондору жүргүзүлүп жаткан экономикалык реформанын натыйжасында (1-табл.) өзгөрүүлөрдүн ар кандай деңгээлине ээ экендигин көрсөттү.

1-таблица – 2009-2018-жылдар мезгилиндеги экономикалык реформанын жыйынтыгы боюнча Чүй областынын аймактарынын өнүгүү деңгээлин ажырымдоо

| | Аламүдүн | Жайыл | Кемин | Москва | Панфилов | Сокулук | Чүй | Ысык-Ата | Токмок ш. | **Орточо мааниси** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өндүрүмдү, ишти, кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан дүң киреше | 0,18 | 1,00 | 0,03 | 0,32 | 0,00 | 0,32 | 0,30 | 0,02 | 0,18 | 0,261 |
| Өндүрүштүк продукцияны өндүрүүнүн көлөмү | 0,07 | 0,06 | 1,00 | 0,02 | 0,77 | 0,02 | 0,08 | 0,00 | 0,00 | 0,225 |
| Айыл чарба продукциясын өндүрүү | 0,72 | 0,91 | 0,00 | 0,50 | 1,00 | 0,47 | 0,27 | 0,43 | 0,00 | 0,479 |
| Негизги капиталга карата инвестициялардын көлөмү | 0,04 | 0,40 | 1,00 | 0,00 | 0,03 | 0,04 | 0,04 | 0,00 | 0,01 | 0,173 |
| Тикелей чет элдик инвестициялар | 0,00 | 0,33 | 0,10 | 0,00 | 0,14 | 0,02 | 1,00 | 0,03 | 0,01 | 0,181 |
| Бир адамга карата камсыз болгондук | 1,00 | 0,41 | 0,00 | 0,45 | 0,16 | 0,68 | 0,16 | 0,37 | 0,34 | 0,396 |
| Ишканалардын жана уюмдардын сальдирленген финансылык натыйжасы | 0,91 | 0,08 | 0,10 | 0,66 | 0,35 | 1,00 | 0,63 | 0,60 | 0,00 | 0,481 |
| Миграциялык агып келүү / агып чыгуу | 0,81 | 0,49 | 0,73 | 0,00 | 0,68 | 0,93 | 1,00 | 0,22 | 0,22 | 0,564 |
| Орточо эмгек акы | 0,53 | 0,49 | 1,00 | 0,68 | 0,23 | 0,00 | 0,43 | 0,29 | 0,19 | 0,427 |
| Жумушсуздардын саны | 1,00 | 0,69 | 0,50 | 0,23 | 0,65 | 0,30 | 0,10 | 0,44 | 0,73 | 0,516 |
| Чекене сооданын жүгүртүмү | 1,00 | 0,07 | 0,02 | 0,30 | 0,34 | 0,44 | 0,27 | 0,00 | 0,14 | 0,287 |
| **Райондун жыйынтыкталган рейтинги** | **6,26** | **4,93** | **4,47** | **3,16** | **4,36** | **4,22** | **4,28** | **2,40** | **1,81** | **3,99** |
| **Райондун Чүй областынын райондорунун ичиндеги орду** | **1** | **2** | **3** | **7** | **4** | **6** | **5** | **8** | **9** | |

Булак: [Чүй областынын райондорунун маалыматтары жана таблица автор тарабынан түзүлгөн жана эсептелген][1]

Активдүү өнүккөн жана негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн жогорулашынын темпи, тактап айтканда бир адам эсебинде турак-жай менен камсыздоонун жогорулашы, жумушсуз адамдардын санынын төмөндөшү жана чекене сатуунун жүгүртүмүнүн жогорулашы боюнча биринчи орунду Аламүдүн району (жыйынтыкталган рейтинг 6,26 балл) ээлеген. Социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжасында өнүгүү темпи боюнча экинчи орунда Жайыл району, үчүнчү орунда – Кемин району. Өнүгүүдөгү төмөн активдүүлүктү Токмок ш. көрсөткөн, ал рейтингде эң акыркы орунга ээ болгон жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн өсүү темпи боюнча 1,81 балл алган. Атап айтканда, өндүрүмдү, ишти жана кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан дүң кирешенин өсүү көрсөткүчү боюнча натыйжалуулуктун жогорку деңгээлин рейтингдин 1 баллына ээ болгон Жайыл

[1]Боёк менен ар бир көрсөткүч боюнча алдыңкы аймактар белгиленген.

району көрсөттү. Өндүрүштүк продукциянын көлөмүнүн өсүүсү боюнча рейтингдин лидери Кемин району. Аталган көрсөткүч боюнча эң төмөн рейтингге Токмок ш., Ысык-Ата жана Москва райондору ээ болушкан.

Чүй областын өнүктүрүүнүн жыйынтыкталган көрсөткүчүн аныктоо үчүн көрсөткүчтөрдү көп өлчөмдүү ажырымдоо жана жалпыланган рангдык мүнөздөмөлөрдүн эсеби колдонулган, методика А.Н.Истошин тарабынан [Истошин, А.Н. Государственное регулирование региональной экономики как фактор устойчивого развития России. – Ростов-на-Дону, 2003. – 54-77-б.] сунушталган.

Ыкма көрсөткүчтүн мамилеси орточо чоңдукка карата эмес, катардын максималдуу жана минималдуу маанилеринин ортосундагы айырмага карата алынгандыгы менен айырмаланып "көп өлчөмдүү орточо" ыкмасына окшош. Орточо деңгээлге киргизүү менен көп өлчөмдүү орточо ыкманы пайдаланууда ар түрдүү көрсөткүчтөрдүн ар кандай айырмачылыктарынын эсебинен топтомо индексти бурмалоо жүрөт.

Эсептөөлөрдүн натыйжасы боюнча Чүй областынын райондорун өнүктүрүүнүн жалпыланган рейтинги изилденген мезгил үчүн көрсөткүчтөр боюнча алынган, алар 2-формула боюнча эсептелген (1-сүрөт).




1-сүрөт. экономикалык кайра түзүүлөрдүн деңгээли боюнча Чүй областынын райондорунун интегралдык рейтинги [автор тарабына эсептелген жана түзүлгөн]

Ошентип, социалдык-экономикалык кайра түзүүнүн төртүнчү этабында өнүгүү темпи боюнча биринчи орунда Аламүдүн району турат, экинчи – Жайыл району. Өнүгүү темпи боюнча начар көрсөткүчтөрдү Токмок ш. жана Ысык-Ата району көрсөттү.

2009-жылдан баштап экономикалык реформалар мезгили ичинде Чүй областынын жалпы деңгээлин мүнөздөө үчүн талдалып жаткан көрсөткүчтөрдүн ар бири боюнча (2-сүрөт) биз интегралдык рейтингдин орточо маанисин эсептедик.

Өнүктүрүүдөгү көбүрөөк динамикага Чүй областынын райондору миграциялык агып чыгуунун (көрсөткүчтүн рейтинги 0,564 түздү), ошондой эле областтагы жумушсуздуктун деңгээлинин (көрсөткүчтүн рейтинги – 0,516) төмөндөшүнө жетишишкен. Сальдирленген финансылык натыйжаларды жогорулатуу маселеси боюнча жакшы жетишкендиктер белгиленүүдө.




2-сүрөт. 2009-2018-жж. экономикалык өнүгүүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча Чүй областынын райондорунун интегралдык рейтингдеринин орточо мааниси [автор тарабынан эсептелген жана түзүлгөн]

Айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн өсүүсүндөгү активдүүлүк олуттуу (көрсөткүчтүн рейтинги 0,479). Изилдөө мезгили үчүн орточо эмгек акы активдүү жогорулаган. Төмөн динамикалуу негизги капиталга инвестициялоо, тикелей чет элдик инвестициялар, өндүрүштүк продукцияны өндүрүүнүн көлөмү, продукцияны, ишти жана кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан дүң киреше, ошондой эле чекене сатуунун айлануусу сыяктуу көрсөткүчтөр болду.

Андан ары иште Чүй областынын азыркы учурдагы абалын талдоо жүргүзүлгөн, аны калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу менен өнүгүп жаткан экономиканын бардык чөйрөлөрү катары мүнөздөөгө болот. Талданып жаткан мезгил үчүн областтагы продукцияларды дүң чыгаруунун жана айыл чарба кызматтарынын, аңчылык жана токой чарбасынын көлөмү дээрлик 17 млрд. сомго жогорулаган, акыркы беш жыл ичинде айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрү бардык пункттар боюнча көбөйгөн. Чүй областынын инвестициялык ишмердигинин динамикасы оң таасирдүү, тикелей чет элдик инвестициялардын көлөмү 6,5 эсе өскөн. Негизги капиталга инвестиция кылуу 2006-жылдан тартып 21 эсе өскөн. Тышкы экономикалык ишмердиктин көлөмү жогорулаган. Социалдык сектордо жумушсуздуктун деңгээлинин төмөндөшү белгиленүүдө; эмгек акы 206%га жогорулаган. Терс таасирдүү учурлар болуп изилденген мезгил үчүн керектөөчүлүк нарктын индексинин туруктуу жогорулашы саналат, бирок бул Кыргызстан үчүн жалпы тенденцияны чагылдырууда.

Чүй областындагы чарба жүргүзүүнүн ар кандай формаларын өнүктүрүүгө карата жүргүзүлгөн талдоо катталган чарба жүргүзүүчү субъекттердин саны 2009-жылдан 2018-жылга чейин 24,8%га жогорулагандыгын көрсөтүүдө. Бирок, алардын 21,7% гана учурда иш алып барат жана бул реалдуу сектордун потеницалы толук колдонулбагандыгы жөнүндө күбөлөндүрөт. 2019-жылдын башына карата иш алып барган ишканалардын эң көп саны Сокулук, Аламүдүн, Ысык-Ата, Жайыл райондорунда.

Өлкөдөгү социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжасында менчиктик формаларынын ичинен басымдуулук кылуучу жеке сектор түзүлгөн, ошол эле учурда Чүй областындагы катталган юридикалык жактардын жалпы санынан анын үлүшү 2013-жылы 83,7%дан 2018-жылдын аягына карата 84,2%га жогорулаган.

Реалдуу сектордо алдыңкы ролду кичи жана орто ишкердик ойнойт. Дүң жана чекене соода-сатык, мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү, ошондой эле келишим менен аткарылуучу иштер толугу менен кичи жана орто ишканалар (КОИ) тарабынан камсыздалат (3-сүрөт).




3-сүрөт. КОИ секторунун көрсөткүчтөрүнүн Чүй областынын жалпы көлөмүндөгү салыштырмалуу салмагы, % [УСК маалыматтарынын негизинде автор тарабынан эсептелди жана түзүлдү]

КОИ ишканаларынын айыл чарбалык салымы 60% деңгээлинде турат. Өндүрүштүк сектор 83%га Чүй областынын ири ишканалары тарабынан камсыздалат. Айыл чарба жана өндүрүш – ири бизнес сектору аквтидүү көрсөтүлүүчү жана иш алып баруучу аз чөйрөлөр экендигин белгилей кетүү зарыл.

КОИ секторунун областтын экономикасына кошкон салымы чоң болгондугуна байланыштуу, аны колдоону өркүндөтүү жолдорун издөө актуалдуу болуп саналат. Чүй областынын КОИ секторун өнүгүү, сатуу базарларын кеңейтүү жана областтын экономикасына кошкон салымын жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрүнөн айрып жаткан негизги көйгөйлөрдүн бири болуп жеке финансылык каражаттардын жетишсиздиги саналат.

Олуттуу тоскоол болуучу фактор болуп реформа процессинде чет өлкөлүк өндүрүүчүлөр үчүн ачыктык шартында иштөөгө экономиканын даяр эместиги саналат. Мындан тышкары, ички сатып алуунун жогорку баасынан жана чийки заттын жетишсиздигинен келип чыккан кыйынчылыктар бар. Акыркы жылдары республикада өндүрүү үчүн реалдуу жана потенциалдуу мүмкүнчүлүктөр бар болгон азык-түлүк товарларын импорттоонун көлөмүнүн жыл сайын өсүү тенденциясы байкалууда.

Экономиканы реформалоо боюнча татаал жана өз ара байланышкан көйгөйлөрдү чечип жатып, республиканын өкмөтү социалдык чөйрөгө жана кирешелерди жогорулатууга, ошондой эле өлкөдөгү калктын жашоо деңгээлин жакшыртууга өзгөчө көңүл бурат. Акыркы беш жылдын ичинде жалпысынан Кыргыз Республикасынын жана Чүй областынын социалдык чөйрөсүндө

калктын жашоо деңгээлинин негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүүсү байкалууда. Бирок, 2013-2018-жылдар ичиндеги Чүй областындагы жакырчылыктын деңгээли орточо эсеп менен 24,9% түзгөн, бул өлкөнүн экономикалык жана социалдык туруктуулугуна коркунучтуу эмес деп таанылган деңгээлден 15-20%га жогору.

Эксперттердин баалоосу боюнча [Кыргыз Республикасы: жакырчылыкты жеңүүгө көмөктөшүү үчүн өсүүнүн өнүгүүсү // Дүйнөлүк банктын документи. Доклад № 24638.-KG,2013], Кыргыз Республикасындагы социалдык жактан жардам берүү системасы калктын жакыр жана аярлуу топторунун муктаждыктарын канааттандыруу көз карашынан алганда жетишээрлик деңгээлде натыйжалуу эмес. Колдонуудагы программалардын топтомунун алкагында, алардын бирөөсү да үй чарбаларына кирешелердин деңгээлине карата толкунданууну жеңилдетүү үчүн көмөктөшпөйт. Чүй областында миграциялык процесстер азыркыга чейин күч алууда, ал эмгек миграциясынын кесепетинен ишке көбүрөөк жөндөмдүү жаш калкты жоготууда.

Областтын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн төмөн деңгээли жергиликтүү тургундардын иш менен алек болбогон бөлүгүн, өзгөчө жаштардын эмгек акыны издеп жатып, ички жана тышкы миграцияга тартылуусуна алып келүүдө. Бардык мезгилдер боюнча жана областтын райондору боюнча алынган терс сальдо областтагы калктын ишке жөндөмдүү бөлүгү областтын экономикасын жана жергиликтүү тургундардын жашоо деңгээлин жакшыртууга өзүнүн салымын кошпогондугу жөнүндө билдирүүдө.

**«Экономикалык негиздер жана Чүй областында социалдык-экономикалык кайра түзүүнүн өнүгүү перспективалары»** деген үчүнчү главада Чүй областынын социалдык-экономикалык кайра түзүүнүн перспективалары берилген жана Чүй областынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тоскоолдук кылган ички жана тышкы факторлор жалпыланган. Областты социалдык-экономикалык жактан кайра түзүү боюнча жакшыртуунун негизги багыттары иштелип чыккан.

Чүй областынын таасирдүү өнүгүүсүнө жолтоо болгон негизги көйгөйлөргө төмөнкүлөр кирет:

– райондорунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн текши эместиги;

– экономикалык көрсөткүчтөр боюнча райондордун дифференциациясы социалдык көрсөткүчтөргө караганда жогорураак;

– Чүй областынын деңгээлиндеги экономикалык процесстердин дүйнөлүк экономикадагы өнүгүүнүн тенденцияларынан көз карандылыгы.

Келечекте Чүй областынын өнүгүүсүнө таасирин тийгизе турган ички факторлорго төмөнкүлөр кирет:

– өлкөдөгү жана негизги соода-сатык боюнча өнөктөштөр – өлкөлөрүндөгү социалдык-саясий туруктуулук;

– Чүй областынын ички базарынын товарлардын азык-түлүк тобунун жана күйүүчү-майлоочу материалдардын импортунан көз карандылыгы;

– табигый-климаттык фактор, ал областтын агро өндүрүүчү комплексинин өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн;

– керектөөчүлөрдүн суроо-талабын калыбына келтирүүнү улантуу;

– чарба субъектилердин ишкердик активдүүлүгүнүн өсүүсү жана областтагы бизнес-чөйрөнүн жагымдуулугун жогорулатуу;

– экспорттук операциялардын жана жогорку экспорттук потенциалы бар экономиканын артыкчылыктуу секторлорунун өнүгүүсү.

Чүй областындагы өзүнчө социалдык-экономикалык багыттар боюнча өнүгүүнүн аныкталган тенденцияларына жана 2022-жылга чейин[2] өлкөнүн өнүгүүсүнүн орто аралык божомолунун сценарийине таянып, келерки беш жылдын ичинде Чүй областынын өнүгүүсүнүн негизги багыттары жана перспективалары аныкталды.

2025-жылга чейинки мезгилге карата Чүй областынын өнүгүүсүн болжолдоодо экстраполяция ыкмасы колдонулган, ал буга чейин жана учурдагы аныкталган тенденцияларды божомолдонгон объектти келечекте өнүктүрүүгө карата жайылтууга негизделген. Ыкманын негизинде көрсөткүчтүн өзгөрүшүнүн орточо темпи жатат, мында деңгээлдин экстраполирленүүчү маанисин формуланын жардамы менен алууга болот:

$$\overline{У}_{t+l} = У_t * T_р^2 \qquad (3)$$

кайда $T_р^2$ - өсүүнүн орточо темпи,

$У_t$ – экстраполяция үчүн база катары кабыл алынган көрсоткүчтүн деңгээли.

2025-жылга чейин, беш жылдык мезгилге карата Чүй областын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн индикаторлору эсептелип чыккан (3-таблица):

3-таблица – Чүй областын өнүктүрүүнүн бир катар көрсөткүчтөрүнүн божомолу

| Көрсөткүч | Дүңүнөн сатып өткөрүүдөн алынган киреше, млн. сом | Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү | Дан өндүрүү, тонна | Негизги капиталга инвестициялар, млн. сом | Миграциялык агып чыгуулар, адам | Жакырчылыктын деңгээли, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2014-ж. | 84651,5 | 67873,8 | 459389,0 | 24964,5 | 2559,0 | 21,6 |
| 2015-ж. | 100204,1 | 68470,0 | 715198,0 | 11932,2 | 2666,0 | 24,8 |
| 2016-ж. | 124441,7 | 81289,5 | 731234,9 | 16588,3 | 2450,0 | 30,3 |
| 2017-ж. | 132149,0 | 100311,9 | 698258,0 | 22346,5 | 2145,0 | 33,3 |
| 2018-ж. | 135428,5 | 113984,2 | 762021,0 | 20617,7 | 2199,0 | 15,6 |
| 2019-ж. | 146262,7 | 126522,5 | 800122,1 | 22782,6 | 2137,4 | 15,2 |
| 2020-ж. | 157963,8 | 140439,9 | 840128,2 | 25174,7 | 2077,6 | 14,7 |
| 2021-ж. | 170600,9 | 155888,3 | 882134,6 | 27818,1 | 2019,4 | 14,3 |
| 2022-ж. | 184248,9 | 173036,0 | 926241,3 | 30739,0 | 1962,9 | 13,9 |
| 2023-ж. | 198988,8 | 192070,0 | 972553,4 | 33966,6 | 1907,9 | 13,5 |
| 2024-ж. | 214907,9 | 207435,6 | 1050357,6 | 36683,9 | 1854,5 | 13,2 |
| 2025-ж. | 232100,6 | 224030,5 | 1134386,2 | 39618,6 | 1802,6 | 12,8 |

Булак: автор тарабынан эсептелип чыгарылган

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеши тарабынан жактырылган жана иш жүзүндө пайда болгон кырдаалдын факторлорун/тобокелдиктерин эске алуу менен 2017-жылы экономиканын өнүгүү тенденцияларына карата талдоонун негизинде даярдалган

Чүй областынын экономикалык саясатынын башкы максаттары областтын экономикалык өсүшүнүн оң тенденциясын сактап калуу жана алардын туруктуулугун камсыздоо болушу керек. Областтын өнүгүүсүндөгү болжолдуу көрсөткүчтөргө жетишүү Чүй областынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн активдүү өсүүсүнө көмөктөшүүчү финансылык, социалдык-демографиялык, инвестициялык жана башка маселелерди чечүүдө ишке ашырылышы мүмкүн. Экономиканы жөнгө салуучу базардык механизмдер кичи жана орто бизнестин, Чүй областынын экономика тармагын, социалдык чөйрөнүн өнөр жай жана айыл чарба тармактарын натыйжалуу өнүгүүсүн толук деңгээлде камсыздай албайт: мамлекеттик колдоо, мамлекеттик жана аймактык экономикалык саясаттын өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү зарыл.

Аймактык саясаттагы негизги көйгөйлөрдүн бири болуп, мамлекеттик жана аймактык деңгээлдеги экономикалык саясаттын байланышы саналат. Мамлекеттик башкаруунун функцияларынын бир бөлүгүн тийиштүү кирешелик укуктарды ыйгаруу менен муниципалдык жана жергиликтүү деңгээлге өткөрүү мамлекеттик чыгымдарды жогорулатпастан, көбүрөөк коомчулуктун кызыкчылыктарын эсепке алууну жана ишке ашырууну камсыздоо менен экономикадагы мамлекеттин ролун күчөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Мамлекеттик саясаттын бул маанилүү куралына байланыштуу социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзөктүү көйгөйлөрүн аныктоо үчүн божомолдоочу изилдөөлөрдү уюштуруу сунушталат. Божомолдун аймактык аспектиси биздин ой-пикирибиз боюнча үч деңгээлде иштелип чыгышы керек: территориалдык (территориянын комплекстүү социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн божомолу), территориалдык-тармактык (территориалар боюнча тармактардын өнүгүү божомолу) жана аймактардын ортосунда (макроэкономикалык көрсөткүчтөргө чыгуу менен). Бул учурда алардын биринчиси Чүй областынын муниципалдык деңгээлинде иштелип чыгышы зарыл жана андан кийинки экөө үчүн негиз катары кызмат кылышы керек. Мамлекеттик деңгээлде божомолдордун жана программалардын ортосундагы өз ара байланыш маанилүү.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

**1.** Реформанын аягына чыккан этаптарынын жыйынтыгы болуп, базар экономикасынын негиздерин түзүү боюнча аракеттер саналат, жеке сектор, баштапкы базар инфраструктурасы калыптанган. Өлкөбүз КМШ өлкөлөрүнөн биринчи болуп улуттук валютаны киргизген жана көз карандысыз акчалай-насыялык саясатты жүргүзө баштаган. Жакырчылыктын деңгээлин жогорулаткандан кийин жана экономикалык деңгээлди төмөндөткөн соң, өлкөбүз 2005-жылдан кийин экономикалык өсүүнү кайрадан баштаган. Азыр экономика реформалоонун төртүнчү этабында, реформалоонун жалпы максаттары өзгөрүүсүз калууда, бирок кайрадан түзүүнүн куралдары, механизмдери жана натыйжалары түрүн өзгөртүүдө.

**2.** Учурдагы социалдык жана экономикалык өнүгүүнү баалоо үчүн баалоонун максаттары жана объекттери менен айырмаланган мамилелер негизинен эле маанилүү кемчиликтерге ээ: алар үчүн колдонулган көрсөткүчтөрдө

статистикалык база жок болгондуктан, авторлор эксперттик баалоолорго кеңири кайрылышат. Эсеп-кысаптардын толук баяндалышынын жоктугу жана алардын “ачык-айкын эместиги” аларды колдонууда татаалдыктарды жаратат. Чүй областынын социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрүнүн негизги жыйынтыктарын маанилүү даражада эсепке алууну мүмкүн кылган абсолюттук жана салыштырма көрсөткүчтөрдүн топтому негизделген, аны менен бирге алардын курамы областтын жашоо тиричилигинин түрдүү багыттарын чагылдырат: реалдуу сектор, инвестициялык жана тышкы экономикалык ишмердүүлүк, анын финансылык натыйжалары, социалдык сектор жана керектөөчүлөрдүн базары.

**3.** Аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн баалоо боюнча колдонуудагы ыкмалардын талдоосуна таянып, Чүй областынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча көрсөткүчтөрдүн топтомунун ишине жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү абалында артыкчылыктуу деп бөлүнүп алынган бир нече индикаторлор боюнча салыштырууну божомолдогон мамилеге негизделип иштелип чыккан методика сунушталган. Көрсөтүчтөрдүн түрдүү өлчөнүүчү ажырымдоосу жана рангдык мүнөздөмөлөрдүн жыйынтыкталган эсеп-кысаптары менен байланышкан мамиле сунушталган.

**4.** Аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн баалоо боюнча сунушталган ыкманын негизинде Чүй областынын өнүгүүсүнүн комплекстүү баалоо жүргүзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын калган аймактарынын ичинен областтын лидерлүү позициялары аныкталды. Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн темпи боюнча лидерлүү позицияга Аламүдүн району ээ. Эсептелип чыккан орточо интегралдуу көрсөткүчкө ылайык, Чүй областынын райондору өнүгүүдөгү эң жогорку динамикага миграциялык агымдын төмөндөшү жана областта жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүү маселеси аркылуу жетишкенин көрсөттү.

Чүй областынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн заманбап абалына карата талдоонун жыйынтыгына ылайык, анын экономикасынын натыйжалуу өнүгүүсүнө карата негизги тоскоолдук болуп, түзүмдүк реформалардын жетишээрлик түрдө аягына чыкпаганы жана ырааттуу жүргүзүлбөгөндүгү, банктык жана финансылык базарлардын өнүгүүсүнүн жетишпеген деңгээли, орто жана кичи ишкердиктин өнүгүүсү үчүн жагымсыз шарттар, ошондой эле областтын инвестициялык жактан жагымдуулуктун төмөнкү деңгээли себеп болду. Андан тышкары, областтын экономикасы азык-түлүк жана финансы боюнча дүйнөлүк базарлардагы абал, негизги эл аралык товардык жана финансылык базарлардан алыс жайгашуу сыяктуу тышкы факторлорго көз карандылыктын жогорку даражасы маанилүү фактор болуп саналат.

**5.** Чүй областындагы чарба жүргүзүүнүн түрдүү формаларынын өнүгүүсү боюнча талдоо жана алардын областты кайра түзүү боюнча социалдык-экономикалык натыйжаларга таасири Чүй областындагы бир катар тармактардын өнүгүүсүндө жана анын реалдуу секторунда көрсөткүчтөрдү калыптандыруу үчүн кичи жана орто ишкердиктин жетектөөчү ролун аныктады. Өнөр жай өндүрүмү чөйрөсүндө кичи жана орто ишканалардын

актүвдүүлүгүнүн деңгээли төмөн болгон учурда кичи жана орто ишкердиктин өнүгүүсүнөн Чүй областынын туризм, айыл чарба, дүң жана чекене сатуу жана башка сыяктуу экономиканын тармактары көз каранды болот. Областтын экономикасындагы салмактуу сектор катары Чүй областында кичи жана орто ишкердикти колдоо боюнча жакшыртуу жолдорун издеп табуу актуалдуу. Анын өнүгүүсүндөгү тоскоолдуктарды, башкача айтканда, жеке финансылык каражаттардын жетишпестигин, областтын экономикасы чет өлкөлүк өндүрүүчүлөр үчүн ачык болуу шарттарында иш алып барууга даяр болбогондугун, ички сатып алуу бааларынын жогору болушуна жана сырьенун жетишпестигине байланышкан татаалдыктарды натыйжалуу жеңүү маселеси актуалдуу.

**6.** Чүй областындагы жакырчылыктын деңгээли эксперттер тарабынан өлкөнүн жалпы экономикалык туруктуулук жана социалдык стабилдүүлүк абалына коркунуч туудурбаган деңгээл катары кабыл алынган деңгээлден бир кыйла жогору. Колдонуудагы программалардын топтомунун алкагында, алардын бирөөсү да үй чарбаларына кирешелердин деңгээлине карата толкундануулу жеңилдетүү үчүн көмөктөшпөйт. Чүй областында миграциялык процесстер азыркыга чейин күч алууда, ал эмгек миграциясынын кесепетинен ишке көбүрөөк жөндөмдүү жаш калкты жоготууда.

**7.** Чүй областынын өнүгүүсүнүн негизги багыттары жана перспективалары аныкталды, 2019-жылдан 2023-жылга чейинки мезгилге кийинки багыттар боюнча божомол түзүлдү: өндүрүмдү сатуудан, иш, кызмат көрсөтүүлөрдөн дүң киреше, өнөр жай, айыл чарба, негизги капиталга инвестициялар, тышкы экономикалык ишмердүүлүк жана демография/миграция. Чүй областынын экономикалык саясатынын максаты катары экономикалык өсүүнүн жакшы тенденцияларын сактап калуу жана алардын туруктуулугун камсыздоо болушу керек. Божомолдоочу көрсөткүчтөргө жетишүү финансылык, социалдык-демографиялык, инвестициялык жана башка маселелерди чечүүдө мүмкүн болот, алар негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн активдүү өсүүсүнө көмөктөшө алат. Чүй областынын экономика тармагындагы кичи жана орто бизнестин өнүгүүсүнө мамлекеттик колдоо, мамлекеттик жана аймактык экономикалык саясаттын өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү зарыл.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. ***Аймактын социалдык-экономикалык кайра түзүлүшүнүн деңгээлин баалоо үчүн көрсөткүчтөрдүн жыйындысы сунушталат***, алардын курамы аймактын тиричилик аракеттеринин ар кандай тармактарын чагылдырышы керек, аларга реалдуу сектор, аймактын инвестициялык жана тышкы экономикалык ишмердүүлүгү, анын финансылык натыйжалары, социалдык сектор жана керектөөчүлөрдүн базары кирет. Аны менен бирге абсолюттук жана салыштырмалуу социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү колдонуу максатка ылайык болот, анткени алар статистика катары аймактын жетишкен социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин да, анын өнүгүү динамикасынын контекстинде социалдык-экономикалык потенциалды да көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Заманбап ата мекендик шарттарда буга чейин бар болгон методикалардагы индикаторлордун кээ бири объективдүү статистикалык маалыматтын жоктугунан улам, кандайдыр бир деңгээлде так бааланбашы мүмкүн.

2. ***Чүй областынын жана анын райондорунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн баалоо үчүн*** көрсөткүчтөрдүн жыйындысынын негизинде иштелип чыккан методиканы колдонуу сунушталган. Аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү абалында артыкчылыктуу деп бөлүнүп алынган бир нече индикаторлор боюнча салыштырууну божомолдогон мамилеге негизделип, башкалардын арасында областтын райондорунун ордун аныктоо үчүн методика ажырымдоо ыкмасын колдонот.

Чүй областынын райондорунун өнүгүү деңгээлин баалоо үчүн кийинки салыштырмалуу көрсөткүчтөрдү колдонуу сунушталат: өнөр жай өндүрүмүнүн көлөмүнүн өзгөрүү темптери; айыл чарба өндүрүмүн өндүрүүнүн көлөмдөрүнүн өзгөрүү темптери; негизги капиталга инвестициялоо көлөмүнүн өзгөрүү темптери; чет өлкөлүк тикелей инвестициялардын өзгөрүү темптери; бир адамга турак жайды камсыздоонун өзгөрүү темптери; ишканалардын жана уюмдардын сальдолук финансылык натыйжанын өзгөрүү темптери; чекене сатуунун жүгүртүлүшүнүн өзгөрүү темптери; калктын тышкы миграциясынын өзгөрүү темптери; орточо маянанын өсүү темптери жана катталган жумушсуздардын санынын өзгөрүү темптери.

3. ***Чүй областынын өнүгүүсүнүн жыйынды көрсөткүчүн аныктоо үчүн*** көрсөтүчтөрдүн түрдүү өлчөнүүчү ажырымдоосу жана рангдык мүнөздөмөлөрдүн жыйынтыкталган эсеп-кысаптары менен байланышкан мамилени колдонуу сунушталат. Салыштырмалуу көрсөткүчтөрдү тандап алуунун себеби болуп абсолюттук көрсөткүчтөрдөн айырмаланып, алар социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн жыйынтыгында бир катар багыттар боюнча райондун көлөмүнө, географиялык жана техникалык шарттарына салыштырбастан, райондордун жетишүүлөрүн баалоого мүмкүнчүлүк бергендиги саналат. Жогоруда көрсөтүлгөн социалдык-экономикалык индикаторлордун жыйындысынын жардамы менен аймактын өнүгүү деңгээлин баалоо боюнча сунушталуучу методиканы колдонуу Чүй областынын ар бир району боюнча, бир эле учурда алардын өнүгүү темптерин салыштыруу менен жетишээрлик деңгээлдеги объективдүү бааны алууга мүмкүндүк берет. Башкаруунун мамлекеттик жана аймактык органдары ар бир райондун туруктуу экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо, калктын бакубаттуулугун калыптандыруу жана жөнгө салуу максатында учурдагы экономикалык системанын абалы жөнүндө түшүнүктү түзө алышат жана коомдук кайра өндүрүү процесстерине максималдуу таасирин тийгизе алышат.

4. Жалпысынан областтын экономикасына карата ***кичи жана орто ишкердик (КОИ) секторунун*** маанилүүлүк даражасын эске алганда, төмөнкүлөр зарыл:

– КОИ секторунун өнүгүүсүн колдоо үчүн күрөлүк камсыздоонун жетишпестигинен улам, финансылык ресурстарга оорлоштурулган жеткиликтүүлүк көйгөйүн кепилдик фонддорун түзүү жолу аркылуу чечүү;

– инвестицияларды тартуу боюнча ишти күчөтүү, бул багыттагы негизги милдеттерге областтагы инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча иштерди

уюштуруу жана камсыздоо, ошондой эле областтын бизнес-түзүмдөрүнүн потенциалдуу инвесторлор менен байланышын жана өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо кирет;

– КОИ үчүн банктык пайыздык өлчөмдөрүн төмөндөтүү ченин алдын ала караштыруу;

– насыяны алууда документтерди тариздештирүү жол-жоболорун жеңилдетүү;

– көзөмөлдөөчү органдар тарабынан текшерүүлөрдүн санын, негизделбеген текшерүүлөрдүн санынын эсебинен кыскартуу;

– айылдагы жеке иштин өнүгүүсүн камсыздоо боюнча жергиликтүү деңгээлдеги башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн активдештирүү.

5. Реалдуу сектордун негизги багыттары боюнча ***Чүй областынын экономикасынын болжолдуу өсүүсүнө жетишүү үчүн*** төмөнкүлөр талап кылынат:

– өнөр жайдын өнүгүүсүн, өзгөчө экспортко багыт алуучу мүнөзгө ээ текстиль жана тигүү өндүрүшүн колдоо;

– айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн агро өнөр жай өндүрүмүнүн экспортун колдоо зарыл; суу жана жер ресурстарын рационалдуу колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана колдонулбаган айдоо жерлерин кыскартуу, айыл чарбага багытталган жерлердин кыртышынын күрдүүлүгүн калыбына келтирүү;

– областтын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу үчүн - курулуштагы ири инвестициялык долбоорлорду кийинки багыттар боюнча ишке ашыруу: буга чейин башталган социалдык объекттерди аягына чыгаруу, инженердик инфраструктура; индивидуалдуу турак жайларды куруу; транспорттук магистраль жана энергетика объекттери ж.б.;

– өнүгүүнүн атайын фонддорунун түзүлүшүн алдын ала караштыруу; территориалдык өнүгүүнүн программаларын эске алуу менен ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу; инвесторлорго өзгөчө фискалдык жана инвестициялык режимди, жеңилдетилген займдарды берүү;

– социалдык саясатта экономикалык жумуштуулукту жана калктын муктаж катмарына активдүү социалдык колдоону жогорулатуу боюнча чаралар зарыл;

– Чүй областынын демографиялык абалынын, ошондой эле социалдык чөйрөдөгү миграциялык процесстердин жана ички тенденциялардын үзгүлтүксүз мониторингин жүргүзүү жана божомолун түзүү, ал азыркы мезгилде жана келечекте областтагы өндүрүм күчүнүн реалдуу жайгашуусун баалоого мүмкүндүк берет;

– Чүй областынын атаандаштыкка болгон жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, ал көбүрөөк атаандаштык артыкчылыктарына ээ болгон тармактардагы кууш адистиктерге негизделиши керек.

6. ***Социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн өнүгүүсүн жакшыртуу үчүн*** сунушталат:

– областтын тышкы экономикалык саясатын тышкы базарда ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка болгон жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана

кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортун кеңейтүүгө көмөктөшүү аркылуу экспорттун өнүгүүсүнө багыттоо;

– инвестициялык жагымдуулукту кийинки багыттар боюнча жогорулатуу: криминалдык элементтер менен күрөшүү; туруктуулукту, анын ичинде саясий, укуктук, экономикалык жана социалдык туруктуулукту камсыздоо; технологиялык базаны жаңылоо жана жакшыртуу; инвестициялык ишмердүүлүк тармагындагы мыйзам берүүчү базаны стабилдештирүү жана жакшыртуу;

– жеке менчиктин коопсуздугун камсыздоо боюнча мыйзамдарды күчөтүү; ишкердик ишмердүүлүктү жөнгө салууда мамлекеттин кийлигишүү даражасын төмөндөтүү; финансылык-насыялык жана ишкердикти камсыздандыруу механизмдерин жакшыртуу;

– кирешелердин социалдык жана экономикалык негизделген деңгээлин камсыздоо аркылуу калкты социалдык жактан колдоо системасын жакшыртуу; индексациялоонун түрдүү формаларынын негизинде минималдуу кирешелерди жогорулатуу; калктын социалдык топтору боюнча жашоо тиричиликти камсыз кылуу үчүн дифференциалдуу минимумду илимий жактан негиздөө; микро-насыялоо институттарын кеңейтүү аркылуу жакырлардын арасында жеке ишкердикти өнүктүрүү ж.б.; мыйзамга микро-насыялык уюмдардын статусун социалдык насыялоо боюнча кызматтарды көрсөтүүчү уюмдар катары жазып киргизүү; өз ара жардам көрсөтүү топторунун экономикалык өз алдынчалыгын өнүктүрүү;

– жумушчу кадрларды даярдоо, ошондой эле квалификациялуу жумушчуларды, кызматкерлерди жана адистерди даярдоону камсыздоо үчүн колдонмо квалификацияларды калыптандыруунун системасын түзүү; базардын талаптарына ылайык жумушчу күчтү окутууда комплексттүү таасир этүү.

7. ***Чүй областынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги багыттары боюнча мамлекеттик колдоону камсыздоо*** үчүн төмөнкүлөр зарыл:

– республиканын деиндустриализациялоосун болтурбоо, өнөр жай жана илимий-техникалык дараметти сактоо;

– башында анчалык көп эмес, бирок өз алдынча күчүнө кирген экономиканын инфраструктурасын жакшыртууга багытталган акча каражаттарынын өзгөрүүсү;

– айыл жергесиндеги калкты социалдык жактан мобилизациялоонун концепциясын иштеп чыгуу;

– Айыл өкмөтүнүн деңгээлинде жергиликтүү жамааттар менен кеңири кызматташуучу жамааттык уюмдарды түзүү;

– мамлекеттик саясаттын түрдүү аспектилерин муниципализациялоо, өзгөчө социалдык саясатты ишке ашыруу аспектисин: мамлекеттик башкаруудагы функциялардын бир бөлүгүн муниципалдык деңгээлге, тийиштүү кирешелик укуктарды ыйгаруу менен өктөрүп берүү;

– территориалдык, территориалдык-тармактык жана аймактар ортосундагы деңгээлдерде социалдык-экономикалык өнүгүүнүн көйгөйлөрүн аныктоо үчүн божомолдоочу изилдөөлөр.

# ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Алибаева, Д.К. Влияние экономических преобразований на социальное положение населения в условиях рыночной экономики (на примере Чуйской области) [Текст] / Д.К.Алибаева // М. Р. Рыскулов атындагы Кыргыз экономикалык университетинин Вестниги. – 2016-ж. – № 2 (36). – 67-70-б.

2. Алибаева, Д.К. К вопросу о концептуальном содержании экономических реформ в Кыргызской Республике в переходной период [Текст] / Д.К.Алибаева, К.А.Абдымаликов // М. Р. Рыскулов атындагы Кыргыз экономикалык университетинин Вестниги –2016-ж. –№ 2 (36). – 70-73-б.

3. Алибаева, Д.К. Обзор практики региональной политики в зарубежных странах [Текст] / Д.К.Алибаева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016-ж. – № 4. – 51-54-б.

4. Алибаева, Д.К. Экономическая оценка социально-экономического преобразования Кыргызстана и ее регионов [Текст] / Д.К.Алибаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2016-ж. – № 4 – 97-101-б.

5. Алибаева, Д.К. Уровень жизни населения в условиях рыночных преобразований в Кыргызской Республике [Текст] / Д.К. Алибаева //Интернаука – Сборник статей по материалам LI Междунар. научно-практич. конфер. «Научная дискуссия: Вопросы экономики и управления». – Москва, 2016-ж. – № 6 (50). – 5-13-б.

6. Алибаева, Д.К. Ретроспективная оценка экономических реформ в Кыргызстане [Текст] / Д.К. Алибаева // INSITU- Научное периодическое издание. – Москва, 2016-ж. – № 6 – 34-39-б.

7. Алибаева, Д.К. Развитие малого и среднего бизнеса в регионе и его влияние на социально-экономические преобразования [Текст] / Д.К. Алибаева //Известия КГТУ им. И.Раззакова. – 2016-ж. – № 2(38) –177-183-б.

8. Алибаева, Д.К. Роль государства и местного самоуправления в регулировании социально-экономических преобразований [Текст] / Д.К. Алибаева //Известия КГТУ им. И.Раззакова – 2016-ж. – № 2 (38). – 183-187-б.

9. Алибаева, Д.К. Опыт социально-экономических преобразований в зарубежных странах [Текст] /Д.К. Алибаева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016-ж. –№ 9. – 86-90-б.

10. Алибаева, Д.К. Развитие различных форм хозяйствования в Чуйской области Кыргызстана [Текст] / Д. К. Алибаева // INSITU- Научное периодическое издание. – Москва, 2016-ж. – № 9. – 9-14-б.

11. Алибаева, Д.К. Направления совершенствования системы социально- экономических преобразований в Кыргызстане и Чуйской области [Текст] / Д.К. Алибаева // Известия КГТУ им. И. Раззакова. – 2016-ж. – № 3 (39, 2-бөлүм). –186-191-б.

**“Социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү базардын шарттарында (Чүй областынын мисалында) өнүктүрүү” темасына экономика жана элдик чарбаны башкаруу - 08.00.05 адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденүүгө көрсөтүлгөн Д.К.Алибаеванын диссертациялык ишинин**

# ТАРЖЫМАЛЫ


**Негизги сөздөр:** аймактын социалдык-экономикалык кайра түзүлүшү, социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн баалоосуна карата көрсөткүчтөр, аймактын абалынын интегралдык көрсөткүчү, чарбачылыктын формаларын өнүктүрүү.

**Диссертациянын максаты:** практикалык сунуштарды жана Чүй областынын социалдык-экономикалык кайра түзүлүшүн өнүктүрүүнү жакшыртуу боюнча сунуштардын теориялык-методикалык негиздемесин иштеп чыгуу.

**Изилдөө объектиси** – Чүй областында социалдык – экономикалык кайра түзүүлөр.

**Предмет** – өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жана социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжалары.

**Изилдөө ыкмалары:** сандык (экономикалык – статистикалык, фактордук) жана сапаттык (эксперттик баалоолор) ыкмалар.

**Алынган жыйынтыктар**: базар шарттарында социалдык – экономикалык кайра түзүүлөрдүн мүнөздөмөсүнүн маңызы такталды жана экономиканын өнүгүү динамикасы менен реформалоонун натыйжасынын ортосунда мүнөздүү өз ара байланыштар орундатылды; базар шарттарында мыйзам ченемдүүлүктөр жана социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөр аныкталды; социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжасын баалоо боюнча социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн топтому негизделди; объекттин абалынын интегралдык көрсөткүчүн колдонууга негизделген методиканы колдонуу сунушталды; социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжасында Чүй областынын жана аймактардын өнүгүү деңгээлине карата экономикалык баалоо жүргүзүлдү; реформаларды өнүктүрүүдө жакырчылыкты жеңүү жана жашоо деңгээлин жогорулатуу боюнча социалдык-экономикалык маанилүүлүк ачылды; Чүй областында социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн өнүгүүсү боюнча негизги багыттар аныкталды жана сунушталды.

**Колдонуу даражасы:** теориялык жана методикалык жыйынтыктар практикалык сунуштар деңгээлине чейин жеткирилди, даректик багытка ээ болду жана райондордун өнүгүү деңгээлин салыштырмалуу баалоосун жүргүзүүдө Чүй областынын жергиликтүү башкаруу органдары менен ишке ашырылды, аймактарда да, жалпысынан өлкөбүздө да кайра түзүүлөрдү өнүктүрүүдө өнүгүүнүн стратегиялык артыкчылыктары жөнүндө чечимдерди кабыл алууда колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу тармагы:** диссертацияда негизделген жана көрсөтүлгөн сунуштар мамлекеттик жана аймактык башкаруу органдарынын практикасында колдонулушу мүмкүн; айрым теориялык жоболор жана практикалык сунуштар

окуу колдонмолорунда жана “Аймактык экономика”, “Тармактык базарлардын теориясы”, “Ишкердик” курстарын окутууда колдонулушу мүмкүн.


## SUMMARY

**Thesis Alibaeva Damira on the theme: "The development of socio-economic transformation in the conditions of the market (for example, Chui region)", presented for the degree of candidate of economic sciences on a specialty 08.00.05-Economy and management of a national economy.**

**Keywords:** socio-economic transformation of the region, assessment of indicators of socio-economic transformations, the integral value of the region's status, development of forms of management, to overcome poverty.

**The aim of the thesis** is a theoretical and methodological substantiation of approaches and assessment of the socio-economic changes in market conditions.

**Research methods.** The study used quantitative (Economics and Statistics, factor) and qualitative (surveys, expert assessment) methods.

**The scientific novelty of the research** is as follows: specified essential characteristics of the socio-economic changes in market conditions and set specific relationship between the dynamics of economic development and the results of the reform; the regularities and features of development of socio-economic changes in market conditions; justified by the complex socio-economic indicators to measure the results of socio-economic reforms; recommended the use of techniques based on the use of the integral value of the object's state; conducted economic evaluation level of Chui oblast and regions as a result of socio-economic reforms; disclosed socio-economic importance of overcoming poverty and raising living standards in the development of the reform; identified and recommended the main directions of development of socio-economic transformation in the Chui region, as the basis for improving economic growth and improving the welfare of the whole society.

**The practical significance of the research:** theoretical and methodological conclusions are brought to the level of practical recommendations, are targeted and implemented by the local authorities of the Chui oblast in conducting a comparative assessment of the level of development of the districts, can be used in making decisions on strategic priorities for the development of transformations both in the regions and in the country as a whole.

**Scope:** reasonable and suggested in the thesis recommendations can be applied in the practice of state and regional government bodies; some theoretical positions and practical recommendations of the thesis can be used by higher education institutions in the preparation of textbooks and teaching courses "Regional economy", "Theory of industrial markets", "Business".

Форматы 60x84 1/16
Офсеттик кагаз. Гарнитура «Times». Көлөмү 1,75 б.б.
Офсеттик басма. Тиражы 100 нуска.
“Аракет-принт” басмаканасында басылып чыгарылган